**Арзымкан Бостонов атындагы орто мектебинин педагогикалык кеңешмесинин**

**№1 Токтому**

**29-август 2022-жыл** **Сөмиз-Бел айылы**

**Катышкан мугалимдердин саны: 24**

**Педкеңештин төрайымы: С.Чаарчокиева**

**Катчысы: А.Кубатбекова**

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1.2021-2022-окуу окуу жылындагы окуу -тарбия иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылынын негизги милдеттери.

2.2022-2023-окуу жылындагы мектептин жылдык планын бекитүү.

3.2022-2023-окуу жылына карата класс жетекчилерди, кабинет башчыларды, секция жана кружок жетекчилерди, насаатчы мугалимдерди шайлоо.

4.Базистик окуу план жана мектеп крмпонентин тиешелүү предметке берүү,техкызматкерлердин кошумча эмгек акысы.

5.Жаңы окуу жылына карата мектептин даярдыгы.

6.Арзымкан Бостонов атындагы орто мектеби 2022-жылдын сентябрь айында институционалдык жана программалык аккредитациядан өтүү боюнча

7.Ар кандай маселелер

**УГУЛДУ: 1-маселе боюнча** мектептин окуу- тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.Осмонованын сөзү.

Мектепте 2021-2022-окуу жылында 16 класс комплект, 245 окуучу аяктады 25 мугалим эмгектенди, 48/38окуучу отличник, 56/37 окуучу ударник, 60% билим сапаты, 100% жетишсүүсү болду. ЖРТтен 110дон жогору балл алгандар 60% түздү. Олимпиада боюнча жакшы ийгиликтер болду. Мурат кызы Бегайым орус тили сабагынан райондук турдан да,облустук турдан да 2-орунду алып, республикалык турга чейин барып олимпиадага катышып келди. 6-класстын окуучусу Бактыбек кызы Таңсулуу “Кырсыктарды алдын алуу” боюнча сүрөт тартуу конкурсуна катышып, райондук турдан байгелүү орунга ээ болуп,белектер менен сыйланды. Өткөн окуу жылында жетишкендиктер менен катар кемчиликтер болбой койгон жок. Ачык сабактар убагында өтүлбөй жатты. Кечүүгүлөр да болду, ар кандай шылтоолор менен сурануулар болуп, орундагы сабактар өтүлбөй жатты. Быйылкы жаңы окуу жылында мындай кемчиликтерди кетирбей, жакшы ийгиликтерди жаратала. Отличниктер көбөйсүн. Балдарга татыктуу билим берүү үчүн проектор менен жаңы мамалекеттик стандарт менен сабак өтөлү. Быйылкы сабакка колдонгон план-коснпектиде мамлекеттик стандартка ылайык негизги жана предметтик компетенттүүлүгү сөзсүз көрсөтүлүшү керек, мөөнөтү да көрсөтүлсүн. Кыргыз тилчилер, орус тилчилер, математиктер дептерлерди, дайыма текшерип тургула. Дилгир окуучу, начар окуган окуучу менен тынбай иштеп, олимпиадага да даярдыкты сентябрдан баштагыла.

**Мектеп директору С.Чаарчокиева:** Азыр эле завуч айткан сунуштар менен каалоолорду колдойм. Чоң-чоң ийгиликтерге жетүү үчүн талыкпастан аракет кылалы.Тартип маселеси биринчи орунда болсун. Сурануу кечигүү, сабактан калуу жана башка болбосун. Билим сапатты көтөрүүнүн үстүндө талыкпай иштейли. Олимпиада ЖРТтер боюнча иштөө дайыма болсун.

**Тарбия иштеринин уюштуруучусу** А.Мырзабек уулунун сөзү: Өткөн окуу жылында мектеп ичинде тартип бузуулар болгон жок. Быйыл да ошондой тартип болот деп ойлойм. Класс жетекчилер тарбия планыңарды, тиешелүү иш кагаздарыңарды убагында бүтүрүп, бекиттиргиле.

Мындан сырткары класс жетекчилердин иш кагаздары жана жаңы окуу жылдын тарбия планындагы өзгөрүүлөр жөнүндө айтып берди.

**Соцпедагог** М.Асанбекованын сөзү:

Scanned by TapScanner

Урматтуу класс жетекчилер классынардын соц паспортторун, келишимдерин ж.б. иш кагаздарын убагында бүтүргүлө. Окуучулардын документтерин тактап чыккыла жана мектептен көп калган, багар-көрөрү жок окуучулар болуп калса убагында билдирип тургула. Миграттын балдары боюнча да маалымат берип тургула. Кылмыштуулук жана СПИД боюнча жыл боюнча бурчтар уюштурулуп турсун.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап педагогикалык кеңеш.**

**Токтом кылат:**

1.2021-2022-окуу жылындагы окуу тарбия иштери канааттандырарлык деп табылсын.

2.Өткөн окуу жылындагы кетирген кемчиликтер бул окуу жылында четтетилсин.

3.Бул окуу жылында айтылган милдеттер аткарууга алынсын.

4.Тарбия план, календарлык пландар бекитилсин.

5.Бул токтомду аткаруу жагы окуу тарбия иштери боюнча диркетордун орун басары А.Осмоновага, тарбия иштеринин уюштуруучусу А.Мырзабек уулуна, соцпедагог М.Асанбековага тапшырылсын.

**Экинчи маселе боюнча** мектеп директору С.Чаарчокиева мектептин көйгөйлөрү, маселелери, планы жөнүндө кыскача айтып берди. Өткөн окуу жылдын жыйынтыгы боюнча SWOT анализин жүргүздү. Билим сапатын көтөрүү мектептин материалдык базасынын начардыгы, мектептин абалы жана башкаларга токтолду. Санариптештирүү жылына карата мугалимдер компьютер үйрөнүп, иш кагаздардын баарын компьютер менен жазуу керек экендигин эскертти.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап педагогикалык кеңеш**

**Токтом кылат:**

1.2022-2023-окуу жылындагы мектептин планы бекитилсин.

2.Кошумча айтылгандар планга киргизилсин.

3.Токтомду аткаруу жана козөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Үчүнчү маселе боюнча** окуу завучу А.Осмонова кружок жана секция иштери боюнча толук маалымат берди. Ар бир секция боюнча анализ жүргүздү жана адистерди кесиптик жактан өрчүүсүнө көмөк көрсөтүү үчүн жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдерди коюу боюнча сунушун айтты.Секция,кружок,насаатчы иштерине мугалимдер шайланды.

Тарбия завуч А.Мырзабек уулу ар бир класс жетекчилердин иштери боюнча токтолду жана класс жетекчилер жана кабинет башчылар шайланып,иш милдеттери,жоопкерчилиги айтылды.Тапшырмалар берилип,убагында бүтүрүү боюнча эскертүүлөр берилди.

Мындан тышкары техперсоналдарга тиешелүү маселелер да каралып талкууланды. Өздөрүнүн аткарган кызматына жараша кошумча акы төлөө боюнча сөз болду.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап педагогикалык кеңеш**

**Токтом кылат.**

1. Мектептин төмөндөгү мугалимдери класс жетекчи болуп дайындалсын.
   - 1-класс Маткеримова Самара
   - 2-класс Асанбекова Майрам
   - 3а-класс Кубатбекова Анаркүл
   - 3б-класс Усупбаева Лира
   - 4-класс Карагозиева Салтанат
   - 5а-класс Сулайманова Асылбубу
   - 5б-класс Шакирбекова Гүлсайра
   - 7а-класс Бекказиева Гүлзат
   - 7б-класс Кабылбаева Майрам
   - 8-класс Түнкатарова Акжолотой

Scanned by TapScanner

- 9-класс  Кожобекова Нуржан
- 10а-класс  Султанова Гулира
- 10б-класс  Мамасапаева Буузайнап
- 11-класс  Рысалиева Дамира

2. Мектептин төмөндөгү мугалимдери кабинет башчылары болуп дайындалсын.

Кыргыз тили адабияты-Кожобекова нуржан

Орус тили адабияты-Кабылбаева Майрамкүл

Информатика-Марсбек кызы Айжан

АЧД- Рысалиева Дамира

Химия-Бекказиева Гүлзат

Чет тили-Мамасапаева Буузайнап

География-Түнкатарова Акжолтой

Башталгыч класс-Карагозиева Салтанат

Мекен таануу-Маткеримова Самара

Физика-Сулайманова Асылбүбү

Математика-Султанова Гулира

Башталгыч класс-Кубатбекова Анаркүл

Биология-Жумабекова Мээрим

Башталгыч класс-Усупбаева Лира

Башталгыч класс-Асанбекова Майрамкүл

3.Акы төлөнүүчү кружоктор төмөндөгү мугалимдерге берилсин.

Рысалиева Дамира-музыка 0,25%

Карыбеков Тагай-дене тарбия 0,25%

4.Төмөндөгү мугалимдерге төмөндөгүдөй предметтик кружоктор берилсин.

"Жаш калем"-Кожобекова Н

"Глобус"-Түнкатарова А

"Биолог"-Жумабекова М

"Чебер колдор"-Шакирбекова Г

"Информатик"-Уркалиева С

"Тарыхчы"-Мамасапаева Б

"Юный филолог"-Кабылбаева М

5.Төмөндөгү мугалимдер предметтик секция жетекчилери болуп дайындалсын.

1.Кожобекова Нуржан –кыргыз тили, адабияты социалдык илимдер.

2.Кабылбаева Майрам-Орус тилдер жана чет тилдер

3.Жумабекова Мээрим -Математика жана технология табигый илимдер

4.Маткеримова Самара -Башталгыч класстар

Scanned by TapScanner

6.Төмөнкү мугалимдер насаатчы мугалимдер болуп дайындалсын:

1.Эркинбек кызы Жамилага Сулайманова Асылбубу

2.Орозобековага Каличага Карагозиева Салтанат

3.Марсбек кызы Айжанга Түнкатарова Акжолтой

**4-маселе боюнча** мектеп директору чыгып сүйлөп, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августу № 1529/1 буйругу менен бекитилген базистик окуу планы менен тааныштырды.

Окуу бөлүмүнүн башчысы төмөнкүлөргө токтолду: Биз негизинен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген базистик план менен иштейбиз Быйылкы базистик планда 5-класска жана 8-класска, 10-класска бир мектеп компоненти берилген. Ошол 1 саат мектеп компонентин ата-энелердин жана окуучулардын каалоосу менен бир предметке беришибиз керек. Базистик окуу планында көрсөтүлгөн гана сабактарга .Ушул сааттарды тиешелүү предметтерге кошумча кылып берилет.

Бул боюнча да мугалимдер өз ойлорун билдиришти.Ата-энелер тарабынан биология, информатика, математика, кыргыз тили,география сабактарына кошумча берүү сунушу айтылгандыгы жөнүндө маалымдалды жана макулдугун беришкендиги жөнүндө айтылды. Мектеп компонентин биология, география, информатика сабактарына берүү жагы каралды.Базистик окуу пландын негизинде мугалимдерге тиешелүү сааттары бөлүнүп берилди.

Завхоз А.Шаршекеева техкызматкерлердин эмгекке зыяндуу шарттары үчүн кошумча акы белгилөө жөнүндө маалымат берди.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап педагогикалык кенеш**

**Токтом кылат:**

1.Базистик окуу планында көрсөтүлгөн 5-класс, 8-класс жана 10-класстагы мектеп компоненти

тиешелүү предметтерге ( биология,география,информатика ) берилсин.

2.Тех кызматкерлердин эмгекке зыяндуу шарттары боюнча кошумча акы төлөм белгиленсин.

- Кароолчулар Алымкул уулу Рамазан жана Ботоканова Жылдыз Сарманов Токтосун кароолго 1айда 10 күндөн туруу жагы милдеттендирилсин. Кароолчулардын түнкү смени үчүн 1689,.60 сомдон кошумча төлөм белгиленсин.

-Сезондук оператор жылытуу сезонунда түнкү смени үчүн 1267,20 сом кошумча төлөм белгиленсин.

-Короо тазалоочу Шаршекеева А даарткана тазалоо жагы милдеттендирилсин жана зыяндуулугу үчүн негизги эмгек акысына 25% кошумча төлөө белгиленсин.

-Ашкана кызматчысына моющее средство менен идиштерди жууп тазалагандыгынын зыяндыгы үчүн эмгек акысына 25% кошумча төлөм жана повар Канатова М 15% белгиленсин.

-Тазалоочулар Байкожоева А, Будайчиева Н, Мажикова А, Бейшеналиев Ж. моющие средство менен иштегендиктен зыяндыгы үчүн эмгек акысына 25% кошумча төлөм белгиленсин.

Күн тартибиндеги **5- маселе боюнча** мектептин завхозу А.Шаршекеева билдирүү жасады. Бардык класстар толук ремонттон өткөрүлдү бүт парталар оңдолуп, сырдалды. Мектеп үчүн бөлүнгөн акча толук сарпталды.Мектептин тегереги тазаланды. Дежур мугалим ордунда болсо эле мектептин бүтүндүгү сакталат деп ойлойм. Мектеп жаңы окуу жылына даяр.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап педагогикалык кенеш**

**Токтом кылат:**

1.Мектептин ремонту канааттандырарлык деп табылсын. Ар бир класс жаңы окуу жылына даяр экендиги белгиленсин.

2.Ар бир класс жаңы окуу жылына карата даяр экендиги белгиленсин.

Scanned by TapScanner

3.Бул токтомду аткаруу жана көзөмөлдөө жагы тарбия иштеринин уюштуруучусу А.Мырзабек уулуна, окуу завучу А.Осмоновага милдеттендирилсин

**6-маселе боюнча** Арзымкан Бостонов атындагы орто мектеби 2022-жылы институционалдык жана программалык аккредитациядан өтүү боюнча

Мектеп директору С.Чаарчокиева чыгып төмөнкүлөргө токтолду.

2022-жылда мектеп институционалдык жана программалык аккредитациядан өтүү керек.Эки багыттагы аккредитациядан өтүү үчүн берилген минималдык талаптарга жооп берген өзүн-өзү баалоо боюнча отчет жазуубуз абзел. Институционалдык аккредитациялоодо жалпы мекеменин базасын карайт. Программалык акредитациялоодо базага тийиштүү ички иштерин карайт. Мамлекеттик стандартка жооп берген нормативдик документтер,мониторинг ж.б.у.с. баалоо жүргүзүү керек. Ал үчүн өзүн-өзү баалоо боюнча отчет жазууга комиссия шайланып,буйрук менен бекитилет. Шайланган комиссия белгиленген мөөнөттө иштерди карап, анализдейт. Февраль,март,апрель айларында өткөрүлгөн аккредитациялоо боюнча отчетуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү каралат

Окуу бөлүмүнүн башчысы А.Осмонованын сөзү:

Өзүн-өзү баалоо отчетундагы минималдуу талаптарды жазуу үчүн комиссияга мектеп администрациясы, секция жетекчилер, профком, соц педагог, завхоздор кирсе болот деп сунуш киргизет элем.

Тарбия иштерин уюштуруучусу А.Мырзабек уулунун сөзү:

Мектептин жетекчилеринин жана соцпедагог, профком, секция жетекчилердин ар биринин функционалдык милдеттери бар. Ошол жасап жаткан иштеринин негизинде ар бири өз иштерин карап чыкса болот. Бардык мугалимдердин ишине анализ жүргүзүшөт. Жогорудагылар комиссия мүчөлөрүнө киргизсек болот.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап педагогикалык кеңеш**

**Токтом кылат:**

1.Институционалдык жана программалык аккредитациядан өтүү үчүн өзүн-өзү баалоо боюнча отчет жазууга төмөнкү мугалимдер комиссия болушсун.

1.С.А.Чаарчокиева-мектеп директору.

2.А.А.Осмонова-окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары.

3.А.Мырзабек уулу- тарбия иштери боюча директордун орун басары.

4.М.М.Асанбекова- соц педагог.

5.С.А.Карагозиева-кесиптик бирлик уюмунун төрайымы.

6.Н.Н.Кожобекова- усулдук бирикменин жетекчиси.

7. С.Маткеримова-усулдук бирикменин жетекчиси.

8.М.Кабылбаева- усулдук бирикменин жетекчиси

9. М.Жумабекова- усулдук бирикменин жетекчиси

2. Февраль,март,апрель айларында өткөрүлгөн аккредитациялоо боюнча отчетуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин.

3. Түзүлгөн комисссия өзүн-өзү баалоо боюнча отчетун жазууда так, жоопкерчиликтүү мамиле кылышсын жана так, туура, убагында иш жүргүзсүн

4. Бул токтомду аткаруу мектеп администрациясына, профкомго, кесиптик бирикме уюмуна, завхозго милдеттендирилсин.

**7-маселе боюнча** ар кандай маселелер каралып,сунуш пикирлер айтылып,талаш-тартыш маселелерин чечүү,мектеп кызматкерлердин стажын аныктоо,этиканы сактоо боюнча комиссия шайланды.Ар бир комиссиянын иштери жөнүндө түшүнүк берилди.Ар кандай маселелерди калыстык менен чечип

Scanned by TapScanner

берүү,мектептин этикасын сакталышын көзөмөлдөө жана жардам берүү керек экендиги, Жоболордун негизинде иш жүргүзүү керек экендиги айтылды.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап педагогикалык кеңеш**

**Токтом кылат:**

1.Төмөнкү мугалимдер талаш-тартыш маселесин чечүү комиссиясы болуп шайлансын:

М.Асанбекова, А.Сулайманова,Г.Шакирбекова,Г.Султанова,К.Мойноков

2.Төмөнкү мугалимдер мектептин кызматкерлеринин стажысын аныктоо боюнча эксперттик комиссия болсун:

С.Карагозиева,А.Арымбаева,А.Шаршекеева,Ж.Эркинбек кызы,А.Осмонова

3.Төмөнкү мугалимдер этиканы сактоо боюнча көзөмөлдөө комиссиясы болуп шайлансын:

Т.Жунушов,А.Кубатбекова,А.Арымбаева

3.Бул токтомду аткаруу жана көзөмөлдөө жагы мектеп администрацияларына,шайланган комиссияларга милдеттендирилсин.

**Педагогикалык кеңештин төрайымы:** **С.Чаарчокиева**

**Катчысы:** **А.Кубатбекова**

Scanned by TapScanner